Кырг
001
К-97

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
НАН КР
NAS KR

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯ[illegible]**

# 2016 Кыскача жылдык отчет

# Краткий годовой отчет 2016

**НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

Бишкек - 2017

Кырг. 664306
001
К-97
Кыскача жылдык отчет = Краткий ... отчет. НАН КР.
... Бишкек, 2017
664306.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# 2016 КЫСКАЧА ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# КРАТКИЙ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ 2016

С 50

Бишкек 2017

01
-97

Н 11

Национальная академия наук Кыргызской Республики: Краткий годовой отчет – 2016 / НАН КР. – Бишкек: Илим, 2017. – 147 с.

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: КРАТКИЙ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ 2016**

Ответственный за выпуск: Арабаев Ч. И.

Редакторы: Досалиева Б. А.
Мазекова Н. Ж.
Кырчообаева С. А.
Дунганаева Р. И.
Мукамбетова Р. Д.

Компьютерная верстка Сулайманов С. Ж.

664306

Материалы представлены вице-президентами отделений и отделами НАН КР

Объем 16,5 п.л. Формат 60x84 1/8 Тираж 100 экз.

© Национальная академия наук Кыргызской Республики, 2017 г.

**МАЗМУНУ СОДЕРЖАНИЕ**

***Эркебаев А.Э., КР УИАнын президенти, академик***

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын акыркы 5 жылдагы ишмердиги жана жаңы милдеттери тууралуу……5

***Эркебаев А.Э., президент НАН КР, академик***

О деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики за последние 5 лет и новых задачах……5

***Арабаев Ч.И., КР УИАнын Президиумунун башкы окумуштуу катчысы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү***

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын 2016-жылдагы илимий-уюштуруучулук ишинин негизги жыйынтыктары……16

***Арабаев Ч.И., главный ученый секретарь Президиума НАН КР, член-корреспондент НАН КР***

Основные итоги научно-организационной деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2016 году……16

***Борубаев А.А., КРУИАнын Физика-техникалык, математикалык жана тоо-геологиялык илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик***

КРУИАнын Физика-техникалык, математикалык жана тоо-геологиялык илимдер бөлүмүнүн 2016-жылдагы Кыскача жылдык отчету……27

***Борубаев А.А., председатель Отделения физико-технических, математических и горно-геологических наук НАН КР, академик***

Краткий годовой отчет за 2016 год Отделения физико-технических, математических и горно-геологических наук НАН КР……27

***Жунушов А.Т., КР УИАнын Химия-технологиялык, медицина-биологиялык жана айыл-чарба илимдер бөлүмүнүн төрагасы, корреспондент-мүчө***

КР УИАнын Химия-технологиялык, медицина-биологиялык жана айыл-чарба илимдер бөлүмүнүн 2016-жылдагы Кыскача жылдык отчету……61

***Жунушов А.Т. , председатель Отделения химико-технологических, медико-биологических и сельскохозяйственных наук НАН КР, член-корреспондент***

Краткий годовой отчет за 2016 год Отделения химико-технологических, медико-биологических и сельскохозяйственных наук НАН КР……61

***Акматалиев А.А., КР УИАнын Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик***

КР УИАнын Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүнүн 2016-жыл үчүн Кыскача жылдык отчету……95

***Акматалиев А.А., председатель Отделения гуманитарных и экономических наук НАН КР, академик***

Краткий годовой отчет за 2016 год Отделения гуманитарных и экономических наук НАН КР……95

***Токторалиев Б.А., КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн төрагасы, академик***

КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн 2016-жылдагы Кыскача жылдык отчету……126

***Токторалиев Б.А., председатель Южного отделения НАН КР, академик***

Краткий годовой отчет за 2016 год Южного отделения НАН КР……126

Тиркемелер……147

Приложения……147



***Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын акыркы 5 жылдагы ишмердиги жана жаңы милдеттери тууралуу***

***Эркебаев А.Э., КР УИАнын президенти, академик***

***О деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики за последние 5 лет и новых задачах***

***Эркебаев А.Э., президент НАН КР, академик***

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2016-жылдагы ишинин жыйынтыктары жана натыйжалары жөнүндө Президиумдун башкы окумуштуу катчысы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Ч.И.Арабаев толук баяндап берет. Мен болсо өз сөзүмдүн мазмунун бир аз кеңейтип, 2012-2016-жылдардагы ишмердикке токтолууну туура таптым. Анткени, жакында 11-апрелде илимдер академиясын жетектеп келе жаткандыгыма 5 жыл толот. Адегенде бир жылга жакын Президенттин милдетин аткарып жүрдүм, андан кийин 2013-жылдын мартында Сиздер мени бир добуштан президенттикке толук ишеним көрсөтүү менен шайлап бердиңиздер. Ушундан улам мен кыскача жыйынтык чыгарып, алдыда турган милдеттер менен келечектеги багыттарды белгилеп кетүүнү зарыл деп эсептейм.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын өлкөдө алган орду менен ролу фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү уюштурууда мезгил талап кылган тарыхый макамы жана милдети менен түздөн-түз байланыштуу.

Мында анын ишинин максаттуу багыттары мамлекеттин артыкчылыктарын жүзөгө ашыруу, экономикалык, экологиялык, социалдык жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу болуп саналат.

КР УИАнын алдында турган актуалдуу милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн 2013-жылы «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы" иштелип чыккан. Мамлекетти туруктуу өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдардагы Улуттук стратегиясына ылайык КР УИАнын илим изилдөөдөгү төмөнкү артыкчылыктуу багыттары такталган жана аныкталган:

- суу жана энергетикалык ресурстар, энергиянын жаңыланып туруучу энергия булактары;

Об итогах и результатах деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики за 2016 год подробно расскажет Главный ученый секретарь Президиума, член-корреспондент НАН КР Арабаев Ч.И. Я же решил несколько расширить предмет выступления, охватив период с 2012 по 2016 годы. Дело в том, что скоро, 11 апреля текущего года исполнится 5 лет, как я возглавляю НАН КР: сначала, почти год, я исполнял обязанности Президента НАН КР затем, в марте 2013 года, Вы избрали меня единогласно Президентом НАН КР оказав высокое доверие. Поэтому, я считаю нужным вкратце подвести итоги и обозначить новые задачи и перспективы.

Роль и место НАН КР в организации и проведении фундаментальных и прикладных научных исследований в стране определяется ее исторически сложившимися статусом и задачами, обусловленными требованиями времени.

При этом целевым направлением ее деятельности следует считать реализацию приоритетов государства, обеспечение экономической, экологической, социальной и продовольственной безопасности.

Для реализации актуальных задач, стоящих перед НАН КР, была разработана в 2013 году «Стратегия развития Национальной Академии наук Кыргызской Республики до 2025 года». В соответствии с задачами Национальной стратегии устойчивого развития страны за период 2013-2017 годы в НАН КР были уточнены и определены следующие приоритетные направления научных исследований:

- водные и энергетические ресурсы, возобновляемые источники энергии;



- жаңы технологиялар жана материалдар (биотехнология жана нанотехнология);
- информациялык технологиялар,математикалык моделдөө жана башкаруу проблемалары;
- машина куруу жана прибор куруу;
- Жер жөнүндө илимдер жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү;
- биоресурстарды жаңылап өндүрүү жана биологиялык коопсуздук;
- экологиянын, адам экологиясынын жана климаттын өзгөрүү проблемалары;
- адам жана коом: ааламдаштуу проблемалары.

Ушул артыкчылыктуу багыттардын ар бири боюнча 2013-жылы фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөө иштеринин жана иштелмелердин 2017-жылга чейинки Академиялык алкактуу программасы иштелип чыккан жана ал КР УИАнын илимий изилдөө иштери менен долбоорлорду турмушка ашыруунун негизи болуп калган.

Фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөө иштеринин Академиялык алкактуу программасынын негизинде Физика-техникалык, математика жана тоо-геологиялык илимдер бөлүмү 2013-2017-жылдары «Суу жана энергетикалык ресурстар, энергиянын жаңылануу булактары", «Жаңы технологиялар жана материалдар: биотехнология, нанотехнология», «Машина куруу жана прибор куруу», "Жер жөнүндө илимдер жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү", «Информациялык технологиялар жана математикалык моделдөө жана башкаруу проблемалары» багыттар боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана анын негизинде бөлүмдүн илимий-изилдөө мекемелери программа алдындагы программаларды ишке ашырышкан.

Бул иликтөөлөрдүн жыйынтыгында пайдалуу натыйжалар алынган, маселен *«Катуу материалдарда механикалык чыңалуудан улам ультра үндүү полярлашкан кыймылдуу толкундун өтүшүнүн ылдамдык көлөмүнүн өзгөрүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгү (Кушбакалинин мыйзамы)»* деген ачылыш, Авторлордун илимий ачылыштары жана ойлоп табуулары боюнча Эл аралык академия, Россиянын табигый илимдер академиясы, Авторлордун илимий ачылыштар боюнча Эл аралык ассоциациясы тарабынан бекитилип, ар бир авторго 2013-жылдын 3-октябрында № 453 дипломдору жана КР Улуттук илимдер академиясынын Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтуна илимий ачылыштын күбөлүгү берилген.

Авторлордун илимий ачылыштары жана ойлоп табуулары боюнча Эл аралык академиянын 2013-жылдын 12-сентябрында №245 чечиминин негизинде (Москва ш.) техника

- новые технологии и материалы (биотехнология, нанотехнология);
- информационные технологии, проблемы математического моделирования и управления;
- машиностроение и приборостроение;
- науки о Земле и освоение природных ресурсов;
- воспроизводство биоресурсов и биологическая безопасность;
- проблемы экологии, экологии человека и изменения климата;
- человек и общество: проблемы глобализации.

В рамках этих приоритетных направлений по каждому направлению в 2013 году была разработана Академическая рамочная программа фундаментальных и прикладных НИР и разработок на период до 2017 года, которая являлась основой для разработки и реализации проектов НИР НАН КР.

В частности, Отделением ФМТиГГН по Академической рамочной программе фундаментальных и прикладных НИР и разработок на период 2013-2017 гг. велись исследования по направлениям: «Водные и энергетические ресурсы, возобновляемые источники энергии», «Новые технологии и материалы (биотехнология, нанотехнология)», «Машиностроение и приборостроение», «Науки о Земле и освоение природных ресурсов», «Информационные технологии, математическое моделирование и проблемы управления», которые включили в себя подпрограммы, выполненные научно-исследовательскими учреждениями Отделения ФМТиГГН.

По данным этих исследований получены эффективные результаты, например, открытие *«Закономерность изменения относительной величины скорости прохождения ультразвуковой поляризованной сдвиговой волны от механического напряжения в твердых материалах (закон Кушбакали)»* подтверждено Международной академией авторов научных открытий и изобретений, Российской академией естественных наук, Международной ассоциацией авторов научных открытий, выданы дипломы № 453 на научное открытие каждому автору от 3 октября 2013 года и свидетельство научного открытия Институту геомеханики и освоения недр Национальной академии наук Кыргызской Республики.

На основании Решения № 245 от 12 сентября 2013 года (г. Москва) Международной академии авторов научных открытий и изобретений доктор технических наук,

илимдеринин доктору, профессор Тажибаев Кушбакали Тажибаевич илимий ачылыштары үчүн Нобель сыйлыгынын лауреаты П.Л. Капицеге арналган эстелик алтын медалы менен сыйланган.

Химия, техникалык, медициналык-биологиялык, айыл чарба илимдер бөлүмү тарабынан фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөө иштеринин 2013-2017- жылдардагы Академиялык алкактуу программасынын негизинде "Биоресурстарды жаңылап өндүрүү жана биологиялык коопсуздук", "Экологиянын, адам экологиясынын жана климаттын өзгөрүү проблемалары", "Адам жана коом: ааламдаштуу проблемалары" багыттары боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүндө Кыргызстандын тарыхынын 3 томдук академиялык басылмасы даярдалып, анын 2 томдугу чыгарылды. «Кыргыз адабиятын синхрондук жана диахрондук пландарда изилдөө" долбоорунун алкагында биринчи жолу улуу манасчы Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, кыргыз адабиятынын классиктери Токтогул Сатылганов жана Алыкул Осмондун чыгармачылыгы боюнча энциклопедиялар басылып чыкты, азыр "Айтматовдун энциклопедиясын" басып чыгарууга даярдалып жатат.

Түштүк бөлүмүндө да алгылыктуу жылыштар болду.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы тарабынан жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоого жана республиканын жогорку окуу жайлары менен интеграциялоого чоң көңүл бурулууда. Республиканын ЖОЖдору менен илимий-техникалык кызматташуу жөнүндө келишимдер түзүлгөн, биргелешкен кафедралар, лабораториялар, илимий билим берүү комплекстери түзүлүп иштетилип жатат.

ЖОЖдордун окутуучулары илимий-изилдөө институттарынын долбоорлору боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө катышат жана илимий изилдөөлөргө студенттер да тартылууда. Биздин окумуштуулар өз кезегинде ЖОЖдордун эл аралык илимий фонддор жана КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган изилдөө долбоорлорун аткарууга катышып жатышат.

Алдыңкы окумуштуулар лекцияларды окуп, Кыргызстандын ЖОЖдорунда студенттик олимпиадаларды өткөрүшөт. Студенттердин дипломдук жана курстук иштерине, аспиранттардын изилдөө иштерине жетекчилик кылышат. Ошондой эле «Алтын түйүн» балдар академиясы менен активдүү кызматташат.

профессор Тажибаев Кушбакали Тажибаевич награжден за научные открытия золотой памятной медалью, посвященной лауреату Нобелевской Премии Капице П.Л.

Отделением ХТМБиСХН по Академической рамочной программе фундаментальных и прикладных НИР и разработок на период 2013-2017 гг. велись исследования по направлениям: «Воспроизводство биоресурсов, продовольственная безопасность», «Новые технологии и материалы», «Новые технологии: нанотехнологии, биотехнологии и технологии машиностроения», «Глобальные изменения климата, проблемы экологии, экологии человека».

В Отделении гуманитарных и экономических наук НАН КР подготовлены 3 тома академического издания истории Кыргызстана, из которых 2 тома выпущены. В рамках проекта "Исследование кыргызской литературы в синхронном и диахронном планах" впервые изданы энциклопедии, посвященные великим манасчи С.Орозбакову и С. Каралаеву, классикам кыргызской литературы Т.Сатылганову и А.Осмонову, осуществляется подготовка к выпуску «Айтматовской энциклопедии».

Определенные позитивные сдвиги произошли и в Южном отделении НАН КР.

Национальная академия наук Кыргызской Республики большое внимание уделяет подготовке высококвалифицированных научных кадров и интеграции с вузами республики. Заключены договора о научно-техническом сотрудничестве с крупнейшими вузами республики, созданы и функционируют совместные кафедры, лаборатории, научно-образовательные комплексы.

Преподаватели вузов принимают участие в выполнении исследований по проектам НИР институтов отделения, к исследованиям привлекаются студенты. Наши ученые, в свою очередь, участвуют в выполнении исследовательских проектов вузов, финансируемых международными научными фондами и Министерством образования и науки КР.

Ведущие ученые читают лекции, проводят студенческие олимпиады в ведущих вузах Кыргызстана, руководят дипломными и курсовыми работами студентов, исследовательской работой аспирантов и соискателей, а также активно



Математик окумуштуулар мектептер менен жакшы кызматташып, математика жана информатика боюнча мектеп окуучуларынын шаардык жана республикалык олимпиадаларын өткөрүшөт.

Улуттук илимдер академиясы илим менен билимдин интеграциялануу проблемаларына республиканын ичинде эле эмес чет өлкөлөрдө да зор көңүл бурат.

Россия Федерациясынын бир катар университеттери, атап айтканда, Э.Бауман атындагы Москва мамлекеттик техникалык университети, Таганрог шаарындагы Түндүк Федералдык Университети, К.Сатпаев атындагы КазТУ, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, Информатика жана башкаруу Казак институту, А.Байтурсунов атындагы Костанай мамлекеттик университети жана башка окуу жайлар менен келишимдерди түзгөн.

Кытай Эл Республикасы менен илимий кызматташуу жөнүндө түзүлгөн келишимдин негизинде КР УИАнын геология институтунун 9 кызматкери Кытайдын магистратурасында окуп жатышат.

КР УИАда басма ишин дагы өнүктүрүү стратегиясын аныктоо үчүн КР УИАнын басма ишмердигин жүргүзүүдөгү негизги органы болгон "Илим" маалымат-басма борбору түзүлүп, басма ишин өнүктүрүү Концепциясы иштелип чыкты.

Ушул тапта «Илим" маалымат-басма борбору кварталына бир жолу «КР УИАнын кабарлары» илимий журналын, "КР УИАнын докладдары" академиялык журналын басып чыгарат. Бул журналдар Кыргызстанда эң келечектүү жана жогорку рейтингге ээ илимий журналдар болуп саналат. Аталган журналдардан тышкары «КР УИАнын кабарлары» илимий журналынын тиркемеси катары жылына бир жолу "Жизнь науки" журналы жана "Инновационные технологии" аттуу жылдык журнал чыгарылат.

Окумуштуулар менен журналисттердин түздөн-түз байланышын камсыз кылуу жана илимди популяризациялоо иишин күчөтүү максатында "Академ-пресс" аттуу газета чыгарыла баштады жана «ЭлТР» телеканалы менен келишим түзүлгөн. Анын негизинде 2016-жылдын сентябрь айынан бери илимге арналган 29 телекөрсөтүү эфирге берилди.

**Эл аралык кызматташуу**

КР УИАнын окумуштуулары дүйнөдөгү 26 жакынкы жана алыскы мамлекеттердин

сотрудничают с Детской академией «Алтын туйүн». Продолжают активно сотрудничать со школами ученые-математики, проводя различные городские и республиканские олимпиады по математике и информатике для школьников.

Национальная академия наук традиционно уделяет большое внимание проблемам интеграции науки и образования не только внутри республики, но и за рубежом.

С рядом университетов РФ, в частности, с МВТУ им. Э. Баумана, Южным Федеральным Университетом г. Таганрог, КазТУ им. К. Сатпаева, (РК), КазНУ им. Аль-Фараби, Казахским Институтом информатики и управления, Костанайским государственным Университетом им. А. Байтурсынова (РК) и другими заключены договора.

На основе договора о научном сотрудничестве с КНР 9 сотрудников Института геологии НАН КР проходят обучение в магистратуре в КНР.

Для определения стратегии дальнейшего развития издательской деятельности в НАН КР и Информационно-издательского центра «Илим» как основного органа академии, осуществляющего эту деятельность, разработана Концепция развития издательской деятельности.

Сейчас ИИЦ «Илим» выпускает периодический журнал (ежеквартальный) «Известия НАН КР» и академический журнал – «Доклады Национальной академии наук Кыргызской Республики», которые призваны быть самым престижным и высокорейтинговым научным журналом в нашей стране. Помимо вышеназванных журналов издается также журнал «Жизнь науки» как годовое приложение к журналу «Известия НАН КР и ежегодник «Инновационные разработки».

Для обеспечения прямого контакта журналистов с учеными и для усиления деятельности в области популяризации науки заключен договор с телевидением «ЭлТР», по которому были подготовлены 29 телепередач, начала выпускаться минигазета "Академ-пресс".

**Международное сотрудничество**

Ученые НАН КР осуществляют научные связи с более чем 190 научными

190дон ашуун илимий мекемелери (илимдер академиялары, университеттер, илимий изилдөө мекемелери) менен илимий байланыштарды (салыштыруу үчүн 2015-жылы 23 өлкөнүн 198ден ашуун мекемеси, 2014-жылы 20 өлкөнүн 160тан ашуун илимий мекемеси, 2013-жылы 22 өлкөнүн 220дан ашуун илимий мекемеси, 2012-жылы 29 өлкөнүн 258ге жакын илимий мекемеси) жүргүзүп турат.

КР УИАнын баардык бөлүмүнүн илимий мекемелери эл аралык өнөктөштүк мамилелерди активдүү ишке ашырып турушат. КР УИАнын илим-изилдөө мекемелеринин өнөктөштүк мамилелеринин географиясы абдан ар түрдүү: Кытай, Россия, АКШ, Казакстан, Франция, Тажикстан, Германия, Япония, Өзбекстан, Австрия, Улуу Британия, Грузия, Беларусь, Польша, Корея, Чехия, Украина, Индия, Бельгия, Армения, Канада, Түркия, Непал, Индонезия, Филиппин.

КР УИАнын илимий изилдөө мекемелеринин эл аралык өнөктөштүгүн кол коюлган документтер тастыктап турат. 2016-жылы КР УИАнын бөлүмдөрү тарабынан 34 эл аралык келишимге кол коюлган, 13 документке кол коюлган 2012-жылга салыштырмалуу 21 документке көптүк кылып, өсүш болгону көрүнүп турат. (2015-жылы –22, 2014-жылы – 24, 2013-жылы – 23).

**Чет өлкөлөргө жарыяланган материалдар жөнүндө маалыматтар**

Арийне, эл аралык кызматташуунун натыйжасы чет өлкөлүк илимпоздор менен биргеликте же жеке автордун чет мамлекеттердеги басылмаларда жарыяланган публикациялары аркылуу көрүнөт.

Мурдагы жылдарга салыштырмалуу КР УИАнын окумуштууларынын чет өлкөлүк илимий басылмаларга чыккан эмгектеринин саны өскөнү байкалууда жана алардын жалпы саны – 521 болду (2015-жылы 297, 2014-жылы 347, 2013-жылы 281). Мындай эмгектердин саны боюнча биринчи орунга 210 макала менен Физика-техникалык, математика жана тоо-геологиялык илимдер бөлүмү, андан кийин 184 эмгек менен Химия, техникалык,медициналык-биологиялык, айыл чарба илимдер бөлүмү чыкса, Түштүк бөлүмүнүкү – 43, Коомдук илимдер бөлүмүнүкү – 84 болгон.

Бул жерден эмгектердин көбү реферирленген басылмаларда жарыялангандыгын баса белгилөө керек.

учреждениями стран мира (академиями наук, университетами, научно-исследовательскими учреждениями) из 26 стран ближнего и дальнего зарубежья (для сравнения: в 2015 г. – более 198 учреждений из 23 стран, в 2014 г. – более 160 учреждений из 20 стран, в 2013 г. – более чем 220 учреждений из 22 стран, в 2012 г. – около 258 учреждений из 29 стран).

Все отделения и НИУ НАН КР активно поддерживают международные научные партнерские отношения. География партнерских отношений НИУ НАН КР весьма разнообразна: Китай, Россия, США, Казахстан, Франция, Таджикистан, Германия, Япония, Узбекистан, Австрия, Великобритания, Грузия, Беларусь, Польша, Корея, Чехия, Украина, Индия, Бельгия, Армения, Канада, Турция, Непал, Индонезия, Филиппины.

Международное партнерство НИУ НАН КР отражено в подписанных официальных документах. В 2016 году Отделениями НАН КР было подписано 34 международных договора, что показывает рост по сравнению с 2012 годом на 13 международных подписанных документов - 21 (в 2015 г. – 22, в 2014 г. -24, в 2013 г. – 23).

**Сведения о публикациях зарубежом**

Несомненно, что результаты международного сотрудничества выражаются и в такой сфере, как публикации, сделанные как совместно с зарубежными учеными, так и индивидуально в зарубежных научных изданиях.

По сравнению с предыдущими годами наблюдается тенденция роста количества зарубежных научных публикаций ученых НАН КР – 521 в общей сложности (в 2015 г. – 297, в 2014 – 347, в 2013 – 281). По количеству таких публикаций на первое место вышло ОФТМГГН - 210, затем следует ОХТМБСХН – 184, Южное отделение – 43, Отделение общественных наук – 84 публикации.

При этом следует отметить, большинство работ опубликовано в реферируемых зарубежных изданиях.



**Институттар тарабынан уюштурулган эл аралык конференциялар, семинарлар жөнүндө маалыматтар**

Бардыгы болуп КР УИАнын институттары тарабынан отчеттук мезгилде 33 (2015-жылы – 29, 2014-жылы – 26, 2013-жылы – 29, 2012-жылы – 17) семинар жана конференция өткөрүлгөн. Мындай көрсөткүчтөр бул аспекте өсүш тенденциясы бар экендигин далилдеп турат.

**Эл аралык фонддордон КР УИА алган гранттардын суммасы**

2016-жылы эл аралык фонддор тарабынан каржыланган долбоорлор боюнча иш улантылган.

КР УИА эл аралык долбоорлорунун жалпы саны – 43, бул цифра өткөн жылдарга салыштырмалуу тармакта өсүш болгондугун ырастап турат, анткени 2015-жылы – 40 (2014-жылы – 72, 2013-жылы – 52, 2012-жылы – 49) болчу.

2016-жылы КР УИА тарабынан алынган гранттардын жалпы суммасы 756,26 миң АКШ долларын түздү (салыштыруу үчүн: 2015-жылы – 1 234 138, 2014-жылы – 1 202 160, 2013-жылы – 2002 346, 2012-жылы – 1 665 миң АКШ доллары болгон).

Долбоорлор Эл аралык илимий техникалык борбор (МНТЦ), Фольксваген фонду (Германия), АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (ЮСАИД), НАТО, АФАСИ, ПРООН, FFI (Флора жана фауна Интернешнл), "Газпром промгаз», "Panthera" (АКШ), Шиншю (Япония), JICA жана башка эл аралык фонддор аркылуу каржыланат.

КР УИАнын илимий-изилдөө мекемелеринин ойлоп табуу ишмердиги жакшырып, патент алуу саны көбөйдү. 2016-жылы 42 патент, 4 оң жобо алынды жана 2012-жылга салыштырмалуу алынган патенттердин саны дээрлик 2 эсеге көбөйдү (2012-жылы – 26, 2013-жылы – 26, 2014-жылы – 23, 2015-жылы – 35).

Жарыяланган эмгектердин санынын салыштырма анализи: 2012-жылы бардыгы болуп 1388 жарыяланган. Анын ичинде чет өлкөлөрдө 398, 2013-жылы – 1482/384, 2014-жылы 1368/396, 2015-жылы 1125/372, ал эми 2016-жылы 1350, чет өлкөлөрдө – 521, чет өлкөлөрдө жарыяланган макалалардын саны 2012-жылга салыштырганда өсүшү 76%ды түздү.

Өзүңүздөр жакшы билгендей, КР УИАнын 2014-жылдын 11-сентябрдагы кеңейтилген жыйынында КР Президентинин жана билим берүүнү өнүктүрүү, илим тутумун реформа-

**Сведения о международных конференциях, семинарах, организованных институтами**

Всего институтами НАН КР в отчетном году было проведено 33 (в 2015 г. 29, в 2014 – 26, в 2013 - 29, в 2012 – 17) семинара и конференции. Из приведенных показателей видно, что наблюдается тенденция роста в данном аспекте.

**Сумма грантов, полученная НАН КР от международных фондов**

В 2016 году была продолжена работа над проектами, финансируемыми международными фондами.

Общее количество международных проектов по НАН КР – 43, что демонстрирует рост по сравнению с прошлым отчетным 2015 годом – 40 (в 2014 г. – 72, в 2013 г. – 52, 2012 г. – 49).

Общая сумма грантов, полученная НАН КР в 2016 г., составляет 756,20 тыс. $ США (для сравнения: в 2015 г. – 1 234 138, в 2014 – 1 202 160, в 2013 – 2002,346 $ США, в 2012 г. – 1665 тыс. $ США)

Финансирование проектов осуществляется по линии таких международных фондов, как МНТЦ, Фонд Фольксваген (Германия), Агентство США по международному развитию (USAID), НАТО, АФАСИ, ПРООН, FFI: (Флора и фауна Интернейшнл), «Газпром промгаз», «Panthera» США, университет Шиншю (Япония), JICA и др.

Активизировалась работа по изобретательской деятельности, НИУ НАН КР стали больше получать патенты, в 2016 году получено 42 патента, 4 положительных решений, по сравнению с 2012 годом патенты получены почти на два раза больше (2012 – 26, 2013 – 26, 2014 – 23, 2015 – 35).

Сравнительный анализ количества публикаций: в 2012 году было опубликовано всего 1388, в том числе 398 за рубежом, 2013 – 1482/364, 2014 – 1568/396, 2015 – 1125/372, тогда как в 2016 году 1350, 521 – за рубежом, рост числа зарубежных публикаций составляет 76% относительно 2012 года.

Как Вы помните, поручение Президента страны Правительству и Рекомендации Общественного экспертного совета при Президенте КР по развитию образования,

лоо боюнча КР президентинин алдындагы Коомдук эксперттик кеңештин КР Өкмөтүнө берген тапшырмасы талкууланып, мамлекет жетекчисине Улуттук илимдер академиясын жоюу жөнүндө ойлонулбаган сунуш боюнча КР УИАнын окумуштууларынын тынчсыздануусун билдирген кайрылуусу кабыл алынган.

2014-жылдын 26-ноябрында КР УИАнын Президиуму УИАнын илимий мекемелерин жана президиумдун аппаратын түп тамырынан бери кыскартуу жөнүндө токтомун кабыл алган. Атап айтканда: вице-президенттик 4 кызмат ордун, институттардын кеңешчилерин, жаш курак боюнча чекти 70 жаш деп бекитүү, КР УИАда 7 илимий мекеме түзүү менен институттарды бириктирүү чечилген.

Президиумдун бул Токтому КР УИАнын 2014-жылдын 17-декабрдагы Жалпы жыйынынын сессиясында бекитилген.

КР УИАны республикадагы жогорку мамлекеттик илимий мекеме катары сактап калуу үчүн КР УИАнын президенти КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Коомдук эксперттик кеңештин өкүлдөрү, КР Премьер-министрлери, КР Билим берүү жана илим министрлери менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп турду.

Жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун аныктоо, бирин-бири кайталоону четтетүү, стратегиялык проблемаларды чечүү жана илимий мекемелердин көлөмүн оптималдаштыруу, окумуштуулардын күчүн илимий иштелмелерди жасоого багыттоо, каржылык жана илимий потенциалды бириктирүү үчүн КР УИА Президиуму илимий-изилдөө мекемелерине лабораториялардын жана бөлүмдөрдүн иш-мердигин анализдөө тапшырмасын берген. Лабораториялардын (бөлүмдүн) жүргүзүп жаткан ишине баа берүү үчүн анкета иштелип чыккан. Баа берүүнүн негизги чен өлчөмдөрү катары: алдыңкы илимий журналдарда эмгектерди жарыялоо, автордук күбөлүктөр жана патенттер, монографиялар, окуу китептерин жана окуу куралдарын жазуу, гранттарды алуу, жаңы жабдуу-шаймандардын, приборлордун технологияларын тажрыйбалык жана сериялык үлгүлөрүн иштеп чыгуу, кадрдык жана материалдык техникалык жактан камсыздалуу болгон. Андан тышкары Президиумдун 2015-жылдын 23-сентябрындагы токтому менен КР УИАнын илимий-изилдөө мекемелеринин илимий уюштуруучулук жана жаңычыл ишинин натыйжалуулугуна рейтингдик баа берүү системасы бекитил-

по реформированию системы науки был обсужден на расширенном заседании Президиума НАН КР 11 сентября 2014 года № 51, в котором было принято Обращение ученых НАН КР к руководству страны, где ученые выразили свою обеспокоенность по поводу неэффективного предложения об упразднении Национальной академии наук КР.

26 ноября 2014 года было принято постановление Президиума по коренному сокращению аппарата Президиума и НИУ НАН КР. В частности, упразднить: 4 должности вице-президентов, институт советников, установить возрастной ценз – 70 лет, объединить институты с созданием 7 НИУ НАН КР.

Это постановление Президиума по вопросам реформирования НАН КР было утверждено на сессии Общего собрания НАН КР 17 декабря 2014 года.

Для сохранения НАН КР как высшего государственного научного учреждения республики были проведены регулярные встречи Президента НАН КР с представителями Общественного экспертного Совета, ЖК КР, Правительством КР, Премьер -министрами КР, МОН КР.

В целях определения эффективности проводимых научных исследований, устранения дублирования, объединения финансового и научного потенциала для решения стратегических проблем и оптимизации размеров научных учреждений, концентрации усилия ученых на разработку научных направлений, актуальных для Кыргызстана Президиумом НАН КР было предложено научно-исследовательским учреждениям провести анализ деятельности лабораторий и отделов. Была разработана анкета для оценки деятельности лаборатории (отдела) НИУ, эффективности проводимых ими научных исследований. Основными критериями оценки явились: публикации в ведущих научных журналах; авторские свидетельства и патенты; монографии, написание учебников и учебных пособий; получение грантов; разработка технологий, опытных и серийных образцов нового оборудования и приборов, кадровая и материально-техническая обеспеченность и постановлением Президиума от 23 сентября 2015 года утверждено Положение о рейтинговой системе оценки эффективности научно-организационной и инновационной деятельности НИУ НАН КР, в разработке



ген жана аны иштеп чыгууга ыраматылык академик А.А.Алдашевдин көпкөн салымы чоң болгон.

Натыйжада, КР УИАнын илимий-изилдөө мекемелериндеги лабораториялардын (бөлүмдөрдүн) отчету алынган. Лабораториялар берген анкеталык материалдар дыкаттык менен иликтенип, алардын ишмердигинин натыйжасы анализденген. Бөлүмдөрдүн бюросуна жүргүзүлгөн анализдин негизинде илимий-изилдөө мекемелердин түзүмүн кайра түзүү сунушталган.

Ошол учурда УИАда 25 мекеме иштеп турган, анын ичинде 22 илим-изилдөө мекемеси, 2 илимий борбор жана Ботаникалык бак иштеген. Кызматкерлердин саны 1948 адам болгон, булардын ичинен 1040 (53,39%) илимий кызматкерлер болгон. Алардын 373 илимдин кандидаты жана 191 доктору. КР УИАнын анык мүчөсү 39 академик жана 47 корреспондент-мүчө иштеген, алардын ичинен 20 академик (51,29%) жана 20 корреспондент-мүчө (42,55%) КР УИАда иштеп турушкан.

КР Премьер-министринин 2016-жылдын 12-октябрындагы КР УИАнын институттарынын санын кыскартуу менен структурасын оптималдаштыруу жана ал тууралуу 2016-жылдын 15-ноябрына чейин билдирүү протоколдук тапшырмасын аткаруу үчүн КР УИАнын коллегиалдуу органы болгон Президиуму "КР УИА жөнүндө" мыйзамдын жана КР УИАнын Уставынын бардык жоболорун сактоо менен 2016-жылдын 11-ноябрында «КР УИАнын структурасын оптималдаштыруу маселелери жөнүндө» №53-токтомун токтомун кабыл алган.

Бирок, М.М.Адышев атындагы Геология институтунун, Тоо физиология институтунун, Биология топурак таануу институтунун, атап айтканда, геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунун жамааттарынын Президиумдун чечимин кайра кароо жөнүндө кайрылуусу келип түштү.

Ушул кайрылуулардан кийин КР УИА президенти арыз ээлери жана аталган мекемелердин жамааттары менен жолугушуу өткөрдү. Анда бир дагы илимий кызматкер иштен кетирилбейт, институттун илимий багыты сакталат, кайра түзүү аракети башкаруу аппаратына гана тиешелүү болот деген түшүндүрмөлөр берилди.

Натыйжада маселе президиумдун отурумунда эки жолу кайра каралып, бир консенсуска жетишүүгө мүмкүнчүлүк болду.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жогорку мамлекеттик илимий мекеме катары сакталып калды жана өз өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн ишин улантып жатат. Бардык убакта окумуштуулар

которого большую роль сыграл ныне покойный академик А.А. Алдашев.

Впоследствии в научно-исследовательских учреждениях НАН КР проведены отчеты лабораторий (отделов). Были детально изучены представленные лабораториями анкетные материалы, проанализированы итоги их деятельности. На Бюро Отделений было рекомендовано НИУ провести реорганизацию их структуры по результатам анализа.

В то время функционировало 25 НИУ, из них 22 НИИ, 2 научных центра и Ботанический сад. Численность сотрудников составляла 1948 человек, из которых 1040 (53,39%) являются научными сотрудниками, из них – 373 кандидата и 191 доктор наук. Членами НАН КР являлись 39 академиков и 47 членов корреспондентов, из которых соответственно 20 и 20 работали в НАН КР (51,29 % и 42,55 %).

Во исполнение протокольного поручения Премьер-министра Кыргызской Республики от 12.10.2016 г. по оптимизации структуры НАН КР с сокращением количества институтов и представлением предложений в срок до 15 ноября 2016 года, Президиумом НАН КР, как коллегиальным органом, было принято постановление «О вопросах оптимизации структуры НАН КР» от 11 ноября 2016 года, с соблюдением всех норм действующего Закона «О НАН КР» и Устава НАН КР.

Однако поступили обращения коллективов Института геологии им. М.М. Адышева, Института горной физиологии, Биолого-почвенного института НАН КР), частично, Институтом геомеханики и освоения недр с требованиями пересмотреть решение Президиума.

После этих обращений президентом НАН КР были проведены встречи с заявителями, с коллективами данных учреждений, были даны разъяснения, что ни один научный сотрудник не будет отстранен, научные направления будут сохранены, реорганизация коснется лишь управленческого аппарата.

В итоге, вопрос дважды повторно был обсужден на заседании Президиума и удалось достичь определенного консенсуса.

Национальная академия наук Кыргызской Республики сохранилась как высшее государственное научное учреждение и продолжает работать на благо своей страны. Все это время ученые делали свое

өздөрүнүн башкы милдетин аткарып, жаңы билимди түзүп, республика үчүн эң маанилүү болгон илимий багыттар боюнча фундаменталдуу жана прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүп, илимий кадрларды даярдап келе жатышат. Структуралык өзгөртүүлөрдүн жүрүшүндө бир дагы илимий кызматкер иштен бошотулбаганын бул жерде баса белгилеп коюу зарыл.

Биздегидей реформа КМШдагы көп өлкөлөрдүн илимдер академияларында болгон. Маселен, Россиянын илимдер академиясынын илимий институттарын кайра түзүү 2016-жылы да улантылгандыгы Россия ФАНОсунун отчетунда айтылат. Мындай аракет 2013-жылдын сентябрында ФАНОну түзүү менен башталып, эффективдүү илимий мекемелерди бириктирүү, натыйжасыздарын жоюу сунушталган эле. РИАдагы 330 институт кайра түзүлүүдө, Өзбекстанда да 32 илимий мекеме кайра түзүлүп, 15ке кыскарган, Тажикстанда болсо 14 институт кайра түзүлгөн.

Ушул тапта илимдер академиясынын структурасында төрт бөлүм иштейт, анын курамында 20 илимий мекеме бар. Аталган илимий мекемелерде 1986 адам эмгектенет, алардын илимий кызматкерлеринин ичинде 202 илимдин доктору жана 387 кандидаты бар. Академиянын курамында 37 академик жана 44 корреспондент-мүчө иштеп жатат. Окумуштуулар тарабынан 48 долбоор боюнча изилдөө иштери жүргүзүлүүдө.

Жаш курак жагынан анализдегенде төмөнкүдөй жагдай түзүлгөн: КР УИАда 60 жашка чейинки 3 академик, 6 корреспондент-мүчө, 70 жашка чейинки 4 академик, 12 корреспондент-мүчө, 75 жашка чейинки 5 академик, 6 корреспондент-мүчө, 80 жашка чейинки 9 академик, 6 корреспондент-мүчө, 80 жаштан өткөн 15 академик жана 9 корреспондент-мүчө иштейт.

Академиктердин орточо жаш курагындагы өзгөрүүлөрдү эсепке алганда 2012-жылдан тартып 2016-жылга чейинки мезгилде алардын жаш курагы өйдөлөп калгандыгы байкалат: маселен, 2012-жылы – 71, 2013-жылы – 73, 2014-жылы – 74, 2015-жылы – 74,5, 2016-жылы – 76.

Корреспондент мүчөлөрдүн жаш курагы да жыл өткөн сайын өйдөлөп бараткандыгы байкалат, ушул тапта алардын орточо жаш курагы 72 жашка жеткен.

Илимий кызматкерлердин жаш курагын анализдей келгенде мындай жагдай байкалган: илим докторлорунун жаш курагы орточо алганда – 62 жаш, илимдин кандидаттары-

главное дело – создавали новые знания, вели фундаментальные и прикладные исследования по важнейшим, прежде всего, для республики, направлениям науки, готовили научные кадры. Необходимо отметить, что в ходе реформы структурных изменений не был сокращен ни один научный сотрудник.

Подобная реформа коснулась АН многих стран СНГ, например, в 2016 году, как следует из отчета ФАНО России, была продолжена реорганизация научных институтов РАН, которая была начата с момента создания ФАНО в сентябре 2013 года. Эффективные научные учреждения предлагалось объединять, а неэффективные - ликвидировать. В РАН более 330 институтов участвуют в реструктуризации, в Узбекистане из 32 НИУ создано 15, в Таджикистане -14.

В настоящее время в структуре Академии наук четыре Отделения, в составе которых 20 научных учреждений, где работает 1986 человек, из них 1014 научных сотрудников, в том числе 202 доктора и 387 кандидатов наук. В составе Академии 37 академиков и 44 членов-корреспондентов. Учеными ведутся исследования по 48 проектам.

Возрастной анализ показывает, что в настоящее время в НАН КР работают, в возрасте до 60 лет 3 академика, 6 – членов-корреспондентов, до 70 4 академика, 12 – членов-корреспондентов, до 75 лет 5 академиков, 6 - членов-корреспондентов, до 80 9 академиков, 6 - членов-корреспондентов, свыше 80 лет 15 академиков и 9 членов-корреспондентов.

Изменение среднего возраста академиков с 2012 года по 2016 год показывает увеличение их возраста, например, в 2012 году -71, 2013 году - 73, 2014 году -74, в 2015 году -74,5, 2016 – 76.

Возраст членов – корреспондентов также увеличивается с каждым годом и в настоящее время составляет в среднем 72 года.

Возрастной анализ научных сотрудников показывает, что средний возраст докторов наук составляет в среднем 62 года, кандидатов наук – 56 лет. Удельный вес молодых ученых



нын – 56 жаш. Жаш окумуштуулардын салыштырма салмагы жалпы илимий кызматкерлердин санына салыштыра келгенде 23,5% түзгөн.

Статистика боюнча директорлордун дээрлик 70 % катары менен эки мөөнөттөн ашуун мезгил жетекчилик кылып турушат (10 жаш).

Илимдеги жаш кадрларды өстүрүү проблемасын чечүүдө айрым жылыштар болгондугуна карабастан, илим изилдөө мекемелеринин административдик башкаруу системасында илим изилдөө ишине жаш кадрлар дээрлик тартылган эмес.

Директорлордун орточо жаш курагы кайра уюштуруу болгонго чейин 63тү түзсө, а андан кийин 59 жашты түзгөн.

2012-жылга салыштырмалуу илим изилдөө долбоорлорун бюджеттен каржылоонун байкалаар-байкалбас өскөндүгү көрүнөт: 2012-жылдан тартып (24708,8) болсо, 2016-жылы каржылоо 310501,6 сомду түзгөн (63292,2 сомго) өсүш болгон, 2013 – 249237, 2014 – 255385,8, 2015 – 304777,8). Бирок бул өсүү КР УИАдагы орчундуу көйгөйлөрдү чечүүдө маанилүү роль ойнобойт. Илим конкуренцияга жарамдуу болуш үчүн каржылоону ИДПдан 2,6%га жеткирүү зарыл. Ал эми бүгүнкү күнү бул көрсөткүч 0,08%ды гана түзөт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы кийинки мезгилдерде 12 соттук иштерге катышты, бул акыркы 4 жылдан бери уланып келе жатат. 7 соттук иште КР УИА жоопкер катары чыгып келе жатса, калган иштерде доогер катары чыгууда. 12 соттук иштин ичинен 6 соттук иш КР УИАнын пайдасына аяктады, калган 6 иши соттук инстанцияларда каралып жатат.

2016-жылы 1241 корреспонденция келип түшкөн (22 КР УИАнын ишмердүүлүгүнө тиешелүү) (булардын ичинен 10у КР УИАны реформалоо маселелери боюнча).

2012-жылга салыштырганда документтин жүгүртүлүшү эки эсе көбөйгөн.

Чындыгын айтканда, КР УИА 2014-жылдан тартып жогорку мамлекеттик илимий мекеме катары статусун жана структураны сактап калуу үчүн үзгүлтүксүз аракеттенип келе жатат.

«Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий техникалык саясаттын негиздери тууралуу», «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө» Мыйзам долбоорун кабыл алуу маселеси создугуп келе жатты, бул жагдай КР УИАнын негизги ишмердигине тиешелүү уюштуруучулук маселелерди чечүүгө таасирин тийгизди.

составляет 23,5% от общего числа научных сотрудников по НИУ НАН КР.

По статистике почти 70% директоров возглавляют институты более 2х сроков подряд (10 лет).

Несмотря на некоторый прогресс в решении проблем воспроизводства молодых кадров в науке, в систему административного управления НИУ, научными исследованиями молодые исследователи практически не вовлекались.

Средний возраст директоров до реорганизации составляет 63 года, а после – 59 лет.

Наблюдается незначительное увеличение бюджетного финансирования научно-исследовательских проектов по сравнению с 2012 годом (24708,8), финансирование в 2016 году составляет 310501,6 сомов (рост 63292,2 сомов) (2013 – 249237, 2014 – 255385,8, 2015 – 304777,8). Но это не решает существующие проблемы НАН КР. Чтобы наука была конкурентной необходимо довести финансирование до 2,6 % от ВВП, тогда как сейчас этот показатель составляет всего 0,08%.

Национальная академия наук Кыргызской Республики в последнее время участвовала в 12 судебных делах, которая длится последние 4 года. В 7 судебных делах НАН КР выступает ответчиком, в остальных истцом. Из 12 судебных дел 6 было окончено в пользу НАН КР, остальные 6 на стадии рассмотрения в судебных инстанциях.

В 2016 году поступило 1241 корреспонденций (22 касающихся к деятельности НАН КР) (из них 10 по вопросам реформирования НАН КР).

По сравнению с 2012 годом документооборот увеличился в два раза.

Откровенно говоря, НАН КР с 2014 года работает в режиме постоянной борьбы за сохранение структуры и статуса как высшего государственного научного учреждения.

Вопрос принятия законопроектов «О науке и об основах государственной научно-технической политики», «О Национальной академии наук Кыргызской Республики» затягивался, что повлияло на решение организационных вопросов, касающиеся основной деятельности НАН КР.



***Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2016-жылдагы илимий-уюштуруучулук ишинин негизги жыйынтыктары***

*Арабаев Ч.И., КР УИАнын Президиумунун башкы окумуштуу катчысы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү*

***Основные итоги научно-организационной деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2016 году***

*Арабаев Ч.И., главный ученый секретарь Президиума НАН КР, член-корреспондент НАН КР*

Азыркы учурда илимий кызматкерлердин эмгеги татаал жана көп түрдүү. Аны Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиктеринин, корреспондент-мүчөлөрүнүн жана илимий кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын Президенти Атамбаев А.Ш. 2016-жылды Тарых жана маданият жылы деп жарыялаган иш-чаралардын алкагында белсене эмгектенгендиги жакшы далилдейт. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгынын 25 жылдыгына байланыштуу салтанаттар уюштурулуп, ошондой эле улуу ойчул Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгы, кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн Тайлак баатырдын 220 жылдыгы, 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгы, Кыргыз АССРининтүзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгы жана Кыргыз ССРнин 80 жылдыгы белгиленди. Аталган иш-чаралардын алкагында илимий-практикалык конференциялар, семинарлар өткөрүлүп, көптөгөн илимий макалалар, монографиялар, изилдөөлөрдүн натыйжалары жарыяланды.

КР Өкмөтү тарабынан 2015-жылдын 16-апрелинде бекитилген «Кыргыз Республикасында илимди уюштуруу системасын реформалоонун концепциясынын» алкагында КР УИАда 2016-жылы нормативдик-укуктук актыларды жакшыртуу, илимдер академиясынын түзүмүн оптималдаштыруу жана жалпы ишмердикти жакшыртуу жаатында бир катар иштер жүргүзүлдү. Атап айтканда, КР УИАнын өкүлдөрү КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн мекемелер аралык комиссиянын ишине, КРнын «Илим жөнүндө» жаңы мыйзам долбоорун даярдоого жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" мыйзамдын долбоорун иштеп чыгууга активдүү катышты. Аталган мыйзамдар кабыл алынса Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2016-жылдын 26-январында бекиткен "Кыргыз Республикасында илимди уюштуруу системасын реформалоо Концепциясын ишке ашыруунун кадамдык планын" Улуттук илимдер академиясынын натыйжалуу жүзөгө ашыруусуна шарт түзөт. Алдыдагы милдеттердин ичинен биринчи кезекте-бардык маанилүү стратегиялык илимий-техникалык изилдөөлөрдү активдештирүү жана ага таланттуу адистерди тартуу жана алардын чыгармачылык менен иштешине зарыл шарттарды түзүп берүү турат. Бүгүнкү күндө биздин өлкөгө жаңы билимди калыптандырууга жөндөмдүү таланттуу адамдар, илимди иш жүзүндө колдонгон активдүү окумуштуулар жана жаңы технология менен натыйжаны коомго жеткире алган новаторлор зарыл, анткени алар улуттун өнүгүүсүнүн негизги булагы. Эл аралык илимий-техникалык система укмуштуудай тездик менен өнүгүп жаткан ааламдашуу шартында Кыргызстан үчүн уюмду башкаруу тутумунан изилдөө процесстерин башкаруу тутумуна өтүүгө басым жасоо абдан маанилүү. Ошон үчүн илимди уюштуруу жөнүндө жаңы мыйзамдарды кабыл алуу зор мааниге ээ. Жаңы мыйзамдар илимди уюштуруу системасын реформалоо концепциясын жүзөгө ашырууга зарыл жаңы эрежелердин жана коомдук механизмдердин керектүү тутумун түзөт.

Бул жерде дагы бир маанилүү аспект бар – жаңы мыйзамдарды кабыл алуу илимди уюштуруу принциптериндеги карама-каршылыктарды жоёт, ошону менен бирге Илимдер академиясынын инновациялык изилдөө багытын күчөтүп, КР УИАнын изилдөө мекемелеринин түзүмүн өзгөртүү жолу менен башкаруунун жаңы моделин бекитет. Структураны өзгөртүүнүн маанилүү натыйжалары булар болушу керек: жалпысынан изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жана пайдалуулугун жогорулатуу, анын ичинде дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн баркын көтөрүү; ата мекендик илимий табылгалардын атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу; жаңы илимий багыттарды өнүктүрүү, илим жана технологиянын артыкчылыктуу тармактарында изилдөөлөрдү кеңейтүү; фундаменталдуу изилдөөлөрдөн прикладдык мааниси чоң натыйжаларды иш жүзүндө пайдаланууга өтүү системасын түзүү. КР УИАнын илимий изилдөө мекемелеринин структурасын кайра түзүү менен мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарына шайкеш келген илимий изилдөөлөрдү жана инновациялык технологияларды өнүктүрүү зарыл.

В настоящее время труд научных сотрудников сложен и многообразен. Об этом свидетельствует активное участие академиков, членов-корреспондентов и научных сотрудников Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2016 году в мероприятиях в рамках объявленного Президентом Кыргызской Республики Атамбаевым А.Ш. Года истории и культуры. В 2016 году прошли торжества по случаю 25-летия государственной независимости Кыргызской Республики; празднование 1000-летия великого мыслителя Жусупа Баласагына; 220-летия Тайлак батыра, героя, боровшегося за независимость Кыргызстана; 100-летия национально-освободительного восстания 1916 года; 90-летия со дня образования Киргизской АССР и 80-летия Киргизской ССР. В рамках всех этих мероприятий проведены научно-практические конференции, семинары и опубликовано большое число научных статей, монографий, результатов исследований.

В рамках, утвержденной Правительством КР «Концепции реформы системы организации науки в Кыргызской Республике» от 16 апреля 2015 года, в отчетный 2016 год в НАН КР была проведена определенная работа по совершенствованию нормативных правовых актов, оптимизации структуры и деятельности академии наук в целом. Так, представители НАН КР приняли активное участие в работе межведомственной комиссии, созданной Министерством образования и науки КР, в разработке проекта нового Закона КР «О науке» и проекта Закона «О внесении изменений и дополнений в Закон КР «О Национальной академии наук Кыргызской Республики». Принятие этих законов позволит Академии наук более эффективно реализовать, утвержденную 26 января 2016 года Правительством КР «Пошаговый план по реализации Концепции реформы системы организации науки в Кыргызской Республике». Среди первостепенных задач – активизация научных исследований по всем стратегически важным научно-техническим направлениям с привлечением талантливых специалистов и созданием условий для их творческой деятельности. Сегодня нашей стране как никогда необходимы талантливые люди, способные формировать новое знание, активные ученые, способные найти способы его применения, инженеры, способные довести это до реальной технологии и продукта, наконец, новаторы, обладающие талантом довести этот продукт до общества – это источник развития и роста нации. В условиях невероятно быстрого развития международной научно-технологической системы, глобализации исследовательских процессов для Кыргызстана сегодня наиболее важным является смещение акцента от системы управления организацией к управлению системы исследовательских процессов. Поэтому принятие новых законов об организации науки имеет важное позитивное значение. Новый закон должен создать новую систему правил и общественных механизмов, необходимых для реализации концепции реформирования системы организации науки.

